Мектеп администрациясы тарабынан окуучулардын билим сапатты жана көрсөткүчү ар чейрек сайын үзгүлтүксүз талданып турат. Окуучулардын билим сапаты жана прогресси боюнча маселе пед.кеңешмеде системалуу түрдө каралып, ЖМА, ЖРТ, олимпиадалардын жыйынтыгы чыгарылат. Билим сапатынын анализи окуу көрсөткүчтөрүнүн туруктуу экенин көрсөтүп турат. Мектеп окуучулары аймактык, райондук жана облосттук масштабда сыйлыктарды алышат.
**2018-2019**-окуу жылында аймактык олимпиададан биология предмети боюнча 10-класстын окуучусу Бөрүбай кызы 2-орун, англис тили предметинен 11-класстын окуучусу Абдирашитова Айзирек 3-орунду, география предметинен 11-классынын окуучусу Нурбек кызы Мээрим 2-орунду ээлеген. Бул окуучулар райондук олимпиададан 4 жана 5-орунду алган .
**2020-2021**- окуу жылында аймактык олимпиададан информатика предметинен 11-класстын окуучусу Абдирашитов Чынгыз 1-орунду, англис тили предметинен 11-классынын окуучусу Аттокурова Гулина 3-орунду ээлеген.
**Райондук олимпиадада** информатика предметинен Абдирашитов Чынгыз 1-орунду, англис тили предметинен 11-классынын окуучусу Аттокурова Гулина 5-орунду ээлешти.
**Областтык олимпиадада** информатика предметинен 11-класстын окуучусу Абдирашитов Чынгыз 3-орундуээлеген.
**2021-2022**-окуу жылында аймактык олимпиадада 11-класстын окуучусу Кантемир кызы Бегимай география сабагынан 3-орунга жетишип, райондо 4-орунга ээ болгон.11-класстын окуучусу Миргелбек кызы Элдиана кыргыз тили сабагынан аймакта 3-орунду, райондо 4-орундуээледи. 11-класстын окуучусу Алманбет кызы Кызсайкал англис тили сабагынан аймакта 3-орунду,райондо 5-орунду ээледи.
**“XXI кылымдын интеллектуалдары”** кароо сынагында 8-класстын окуучусу Аданов Арлен райондук турда 1-орунду багындырып, областтык турга катышып, Ысык-Көлгө форумга барып келди.
**2021-2022**-окуу жылы мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими Токтомуш кызы Гулсайра **“ Жылдын мыкты мугалими – 2021”** кароо-сынагынын аймактык турунда байгелүү 2-орунга жетишип, райондук турда 4-даражадагы диплом менен сыйланды.
**2022-2023**-окуу жылында аймактык олимпиадада 11-класстын окуучусу Сүйүнбай кызы Айбийке физика сабагынан 2-орунга жетишип, райондо 4-орунга ээ болгон.9-класстын окуучусу Аттокуров Аринат география сабагынан аймакта 3-орунду, райондо 5-орунду ээледи.
**“XXI кылымдын интеллектуалдары”** кароо сынагында 9-класстын окуучусу Аданов Арлен райондук турдан өтүп, областтык турга катышып диплом алып келди.

**ЖРТ нын жыйынтыгы:**

1. 2017-2018-окуу жылы
   Орточо балл: 112 балл

2. 2018-2019-окуу жылы
   Орточо бал:107

3. 2019-2020-окуу жылы
   Орточо балл:109
4. 2020-2021-окуу жылы
   Орточо балл:112
5. 2020-2021-окуу жылы
   Орточо балл:110